КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**И. РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

720044, Кыргызстан, Бишкек ш.
Ч.Айтматов к., 66
Тел. +996 312 545125, факс +996 312 545162

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. РАЗЗАКОВА**

720044, Кыргызстан, г. Бишкек,
пр. Ч.Айтматова, 66
E-mail: rector@kstu.kg Website:http://kstu.kg

Первомайский РОК р/с 4402011103004532 Центральное Казначейство при МФКР НБКР
БИК 440001 ИНН 02702200610350 Код ОКПО 23999934
УГНС Первомайского района 004

23999934 02531012

№ 1396/03
«10» 09 2019-ж.
№

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министерлиги

## 2019-жылдагы Мамлекеттик аттестациялык комиссияларынын иши боюнча отчет

2019-жылы университетте 33 бүтүрүүчү кафедраларда бакалавриат программалардын 38 багыты, магистратуранын 24 багыты боюнча 45 Мамлекеттик аттестациялык комиссия иш жүргүздү. Дипломдук долбоорлорду, бүтүрүү квалификациялык иштерди даярдоо жана жактоо, магистрлик диссертацияларды жактоо МАКтардын ишинин университеттин окуу боюнча проректор бекиткен графигине карата өткөрүлдү.
2019 жылга МАКтардын курамы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министрлигинин 01.03.2019-ж. № 27//5 «КМТУнун МАКтардын 2019-жылга курамы жөнүндө» буйругу жана КМТУнун бүтүрүү квалификациялык иштерди, магистрлик диссертацияларды даярдоо жана жактоо, дипломдук долбоорлорду жактоо багыты боюнча мамлекеттик экзаменди тапшыруу үчүн 01.03.2019-ж. № 32 буйругу менен бекитилген. 2019-жылы дипломдук долбоорду, магистрлик диссертацияны жана бүтүрүү квалификациялык ишти жактоого 1478 студент мүмкүндүк алды, алардын ичинен 1421 бүтүрүүчүлөр жакташты - 1262 бакалавр жана 159 магистр аякташты. Бул учурда окутуунун күндүзгү формасы боюнча университетти 1069 студент аяктады, сырттан окуу форма боюнча – 352 студент. Артыкчылык менен дипломго 73 бүтүрүүчү ээ болушту, алардын ичинен 15 магистр диссертацияларын жакташты. 1,2-тиркеме тиркелген.
КР ББжИМнин 2019-жылдын 16 апрелдин № 68/5 буйругунун жана 2019-жылдын 13-майынын № 65 университетинин буйругунун негизинде 14 адистиги боюнча Политехникалык колледждин мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын курамы бекитилди.

Орто кесиптик билимди даярдоо боюнча дипломдук долбоорду жактоого 465 студент мүмкүнчүлүк алды, анын ичинен 463 адис окууну аяктады,15 бүтүрүүчү артыкчылык дипломго ээ болушту.

- 140212 «Электр энергиясы менен жабдуу» (тармактар боюнча)
- 210308 «Электрондук жабдууларды техникалык тейлөө жана оңдоо»
- 260901 «Тигүү буюмдарынын технологиясы”
- 260903 «Тигилген кийимдерди моделдөө жана долборлоо»
- 190604 «Автомобил унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо»
- 190701«Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (транспорттун түрлөрү боюнча)»
- 140603 «Электр машиналары жана аппараттар»
- 140206 «Электрдик станциялар, тармактар жана системалар»
- 140210 «Гидроэлектроэнергетикалык орнотмолор»
- 150413 «Соодада жана коомдук тамактануудагы жабдууларды техникалык эксплатациялоо»
- 261203 «Полиграфиялык өндүрүш»
- 280105 «Өзгөчө кырдаалдарда коргоонуу»
- 230110 «Эсептөө техниканын жабдууларын жана компьютердик системаларын техникалык тейлөө»

Университеттин аймактык бөлүмдөр боюнча 12 мамлекеттик аттестациялык комиссия иш жүргүздү, 190 бүтүрүү квалификациялык ишти жактады, орто кесиптик билим боюнча – 130 студент кесиптик даражага ээ болушту

**Токмок шаарындагы академик Х.А. Рахматулин атындагы филиал** – «Унаа процесстеринин технологиясы”, «Программалык инженерия», «Электр энергетика жана электр техника» багыттар боюнча 3 комиссия бекитилген, квалификациялык ишин 71 студент квалификациялык ишин жактады, орто кесиптик окутуу боюнча «Техникалык эсептегич каражаттарды жана компьтердик тармактарды техникалык тейлөө”, «Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу», «Дизайн», “Экономика жана бухгалтердик эсеп” (тармактар боюнча) кесиптер боюнча 4 комиссия иштеди жана 79 студент окууну аяктады.

**Кара-Көл шаарындагы филиал** – «Электр энергетика жана электр техника» багыты боюнча 1 комиссия иштеди – 32 студент квалификациялык ишин жактады, артыкчылык менен дипломго 2 бүтүрүүчү ээ болду.

Орто-кесиптик окутуу боюнча «Электр энергиясы менен камсыздоо (тармактар боюнча)», «Маалыматты иштетүүнүн автоматташтырылган системалар жана башкаруу» адистиги боюнча 2 комиссия иштеди жана 38 студент окууну аяктады.

**Кара-Балта шаарындагы филиал** – төрт багыт боюнча 4 комиссия иштеди: «Электр энергетика жана электр техника», «Транспорттук технологиялар машиналарды жана комплектерди эксплуатациялоо», “Нефти, газ иштери”, жалпысынан 61 бүтүрүчүү киргизилди, алардын ичинен 48 студент

дипломдук иштерин жакташты. Орто кесиптик окутуу боюнча бир комиссия адистик боюнча иштеди: «Газ жана мунай түтүктөрүн жана мунай сактагычтарды куруу жана иштетүү», жактоого 13 киши киргизилди, бардыгы дипломдук ишин жактады.

**Кызыл-Кыя шаарындагы филиал** – «Транспорттук процесстердин технологиясы», «Экономика», "Технологиялык машиналары жана жабдуулары" "Мунайзат иштери", "Колдонмо геология" багыттары боюнча 5 аттестациялык комиссия бекитилген, 79 студенттин ичинен 52 студент квалификациялык иштерин жактады.

Бүтүрүү квалификациялык ишти жактоонун, даярдоонун жана адистиктин багыты боюнча Мамлекеттик экзамендин, дипломдук долбоорду (ишти), магистрлик диссертацияны жактоонун аягында МАКтын отурумдарынын протоколдорунун жана бүтүрүүчү кафедралардын башчыларынын билдирмелеринин негизинде студенттердин кадрлардын бөлүмү университеттин бүтүрүчүүлөрдүн тиешелүү квалификацияны ыйгаруу менен аяктоо жөнүндө буйрук чыгарышты.

2017- жылдан баштап университет «Антиплагиат-ВУЗ» системасын сатып алуу менен, интернет материалдарды плагиатка көзөмөлдөө элекрондук система иштелип чыккан жана жүргүзүгө ашырылган, ошонун ичинде студенттердин илимий-изилдөө иштерин, бүтүрүү квалификациялык иштерди жана дипломдук долбоорлорду каралган.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министерлигинин 11 майы 2020- ж. № 363/1 буйругунун негизинде жогорку окуу жайларында окуу жылын аяктоо боюнча чаралар көрүү үчүн 2020 жылдагы бүтүрүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону аралык билим берүү технологияларын колдонуу менен аралык режиминде өткөрүлдү жана бардык көрсөтүлгөн сунуштар иштелип чыкты. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти аралыктан даярдоо тартибин жана бүтүрүүчүлөргө тийиштүү мааламаттар жеткирүү иштери аткарылып жатты.

Бүтүрүү кафедралардын тарабынан жума сайын консультациялар өткөрүлгөн, бүтүрүүчүлөр антиплагиат жөнүндө регламент менен тааныштырылган. Студенттерге жана магистранттарга мерчем ченемдүү жана үзгүлтүксүз ишти уюштурууга жана бүтүрүү квалификациялык иштерин аткарууну көзөмөлдөөгө жардам берүү үчүн кафедралар бекитилген график боюнча долбоорлордун даярдыгын көзөмөлдөө аттестацияларды өткөрүштү.

Магистрдик диссертацияларды, бүтүрүү квалификациялык иштерди жактоо презентациялык формада жана багыт боюнча мамлекеттик экзамен оозеки-жазуу формада өткөрүлгөн. Магистранттар жакшы теоретикалык жана эксперименталдык даярдыкты көрсөтүштү. Магистрлик диссертация эксперименталдык берилмелерди иштетүнүн усулдары жана маалыматтык технологиялар менен аткарылган.

Каралган магистрлик диссертациялар аткаруунун сапаты, бөлүмдөрдүн көлөмү жана мазмуну менен магистрлик диссертацияларга коюлган заманбап талаптарга туура келет.

Бүтүрүү кафедралардын башчылары КМТУнун МАКтардын курамын түзүүсүндө, аларды бекитүдө жана университеттин МАКтын ишинин бекитилген графигине ылайык бүтүрүү иштерди жактоону өткөрүүнү уюштурууда катышышкан.
Бардык бүтүрүү квалификациялык иштер оң баалар менен жакталган жана керектүү бөлүмдөрдү камтышат: технологиялык, конструкторлук, долбоорду экономикалык негиздеме, эмгекти коргоо боюнча эсептөөчү жана илимий-изилдоо бөлүмдөрдү.
Аткарылган иштердин тематикасы актуалдуу жана кичи жана орто бизнестин шарттарына ылайык.
Жалпы илимий жана социалдык дисциплиналар боюнча даярдыктын деңгээли талаптарды канааттандырат жана толугу менен студенттер жетиштүү коомдук жетилгендикти көрсөтүштү. Аткарылган иштердин жыйынтыктарынын анализи  жана жактоонун жыйынтыктары атайын дисциплиналар боюнча даярдыктын жакшы деңгээлин, инженердик суроолорду чечкенге, өзүлөрдүн долбоорлордо илимдин жана технологиялардын жетишкендиктерди колдонууга жөндөмдүүлүктү көрсөттү.
Мындан ары да адистерди окутууну жакшыртуу максатында МАК сунуштайт:

- конструкторлук-технологиялык документтерге жана иштердин тексттик бөлүгүнө мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык түшүнүк катты жана иштин графикалык бөлүгүн жасалгалоо максатында ченемдик көзөмөлдөөнү күчөтүүнү;
- өндүрүштүн талаптарына мүмкүн болушунча жакындатуу максатында билим берүү программаларды жакшыртууну;
- студенттерди тандаган адистиги боюнча илимдеги жана өндүрүштөгү акыркы технологиялар менен терең тааныштырууну;
- бүтүрүү иштин тематикасы актуалдуу болушу керек, жана илим менен техниканын учурдагы жана келечектеги абалына дал келиши керек, илимий-теорялык жана  кесиптик деңгээлин жогорулатуусуна ошондой эле долборлоону реалдуу өндүрүштүк шарттарына жакындатууга  жардам бериши керек, ишканалардын,  уюмдардын жана фирмалардын заказдары боюнча реалдуу тематикада аткарылышы керек;
- бүтүрүү иштердин тематикасын кеңейтүүнү, мурдагы жылдары аткарылган темалардын кайталанышын жок кылышына аракет кылууну;
- бүтүрүү иштерди аткарууда компьютердик технологияларды көбүрөөк пайдаланууну;
- ишканалардын, цехтердин, участоктордун автоматтарылышкан долборлоонун системаларды киргизүүнү;
- заманбап базар шарттарындагы маркетингтин жана өндүрүштү башкарууну уюштуруунун суроолорун иштерде толугурак кароону;
- бүтүрүү иштердин методикалык камсыздоосун жана экономикалык негиздемесин жакшыртуунун зарылдыгына көнүл бурууну;

- базалык ишканалар менен байланыштарды бекемдөөнү;
- ишканалардын жана уюмдардын адистерин окуу процессине тартууну, анын ичинде квалификациялык ишти аткарууда;
- рецензенттерди тандоону кесиптүү жүргүзүүнү, алардан объективдүүрөк, көрсөтүлгө материалдардын анализи, эскетүүлөр жана сунуштамалар менен рецензияларды талап кылууну;
- бүтүрүү квалификациялык иштерди жактоодо ар кандай демонстрациялык материалдарды жана реалдуу практикалык иштелмелерди (макеттер, орнотуулар, түзүлүштөрдүн фрагменттери ж.б.) көрсөтүүнү кененирээк колдонууну;
- көрсөтүлгөн иштердин жана магистрлик диссертациялардын сапатын жогорулатуу максатында алдын-ала жактоолорду конференция түрүндө өткөрүүнү талап кылуу.

Жалпысынан алганда, университеттин Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын ишинин учурунда тартип бузуулар болгон эмес.

МАКтын иши бекитилген график менен уюштурулду, МАКтын бардык мүчөлөрү иште жана каралган долбоорлордун жана иштердин объективдүү баалоодо активдүү катышышты.

Дипломдук иштерди, бүтүрүү квалификациялык иштерди, магистрлик диссертацияларды жактоонун анализинин негизинде МАКтардын төрагалары тиешелүү адистиктердин, багыттардын студенттеринин даярдыгынын жогорку деңгээли жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетте билим берүү программаны жүргүзүгө ашырууну улантуунун керектиги жөнүндө жыйынтыктоо беришти.

Ректор М.Дж. Джаманбаев

Макулдашылган:

Окуу иши боюнча проректор М.К. Чыныбаев

Окуу бөлүмүнүн башчысы Ж.Д. Сыдыков

Тиркеме 1

| № | Көрсөткүчтөр | Жалпы | Ошонун ичинде | |
|---|---|---|---|---|
| | | | күндүзгү | сырттан окуу |
| 1 | ЖОЖду аякташты | 1326 | 982 | 344 |
| 2 | Аттестацияга киргизилген | 1339 | 991 | 348 |
| 3 | Күбөлөндүрүлгөн (аттестованы), ошонун ичинен: | | | |
| | эң жакшы | 640 | 517 | 123 |
| | жакшы | 502 | 359 | 143 |
| | канааттандырарлык | 184 | 106 | 78 |
| | канааттандырарлык эмес | - | - | - |

Тиркеме 2

| Көрсөткөчтөр | Университет боюнча | Күндүзгү | Сырттан окуу | Филиалдар | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | күндүзгү | Сырттан окуу |
| Төмөнкү даярдоо программасы боюнча берилеген сунуштар: | | | | | |
| бакалавр | 1994 | 1262 | 557 | 175 | |
| магистр | | 211 | - | - | - |
| Толук жогорку билим кесипчилиги | - | - | - | - | - |
| Орто билим кесипчилиги боюнча | 498 | 323 | | 175 | |

Филиалдар : Токмок ш., Кара-Балта ш., Кара-Көл ш., Кызыл-Кыя ш.